# ХИМИЯ ИЛИМДЕРИ
# ХИМИЧЕСКИЕ НАУКИ
# CHEMICAL SCIENCES

*Жакышова Б.Ш., Абдыкеримова К.Ш., Бакен кызы Ч.*

## ОРГАНИКАЛЫК ЭМЕС ХИМИЯ БОЮНЧА «ГАЛОГЕНДЕР» ТЕМАСЫН ОКУТУУДА ОЮН МЕТОДДОРУН КОЛДОНУУ

*Жакышова Б.Ш., Абдыкеримова К.Ш., Бакен кызы Ч.*

## ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ИГРОВЫХ МЕТОДОВ ПРИ ОБУЧЕНИИ ТЕМЫ «ГАЛОГЕНЫ» ПО НЕОРГАНИЧЕСКОЙ ХИМИИ

*B.Sh. Zhakyshova, K.Sh. Abdykerimova, Baken kyzy Ch.*

## THE USE OF GAMING METHODS IN THE TRAINING OF THE THEME «HALOGENS» ON INORGANIC CHEMISTRY

*УДК:373.5.16.026.514.1*

*Макалада окутуу процессинде окуучулардын таанып билүү жана ой жүгүртүү иш аракетин уюштуруу максатында, химияны окутууда оюн методдорун колдонуу жана аны ишке ашыруу маселелери каралган. Окутуу процессинде оюнду кандайдыр бир окуу материалдын мазмунун өздөштүрүүгө багыттоо керек, ошондой эле табышмактар жана макалдар аркылуу инсандын эффективдүү өнүгүүсүн жана калыптануусун камсыз кылуу жөнүндө сөз болот.*

***Негизги сөздөр:*** *химиялык түшүнүктөр системасы, оюн методдору, галогендер, индуктивдик, дедуктивдик, мугалимдин сабакка даярдануусу.*

*В статье рассмотрены вопросы использования игровых методов и их реализация в процессе обучения химии в целях организации познания и мышления учащихся в учебном процессе. В процессе обучения игру необходимо направлять для освоения какого-либо содержания учебного материала, а также речь пойдет об эффективном развитии и формировании личности через использование загадок и пословиц.*

***Ключевые слова:*** *система химических понятий, игровые методы, галогены, индуктивная, дедуктивная, подготовка учителя к уроку.*

*This article is about teaching chemictry gaming method sand organisation of pupil's mentalityand them realisation in the learning process.During educational process it is important to direct games comprehend teaching materials using controversial riddles, proverbs, and as a result analyzing solutions and answers provide developing and shaping pupil's personality.*

***Key words:*** *chemical system of concepts, gaming methods, halogens, inductive, deductive, preparation of the teacher for the lesson.*

Учурда мектепте окуучулардын ишмердүүлүгүн реформалоодогу маанилүү проблемаларынын бири – окуучуларга билим берүүнү ишке ашыруу менен бирге эле, алардын өз алдынчалуулугун активдештирүү болуп саналат.Ошондуктан бул маселени ишке ашырууда, жалпы билим берүүчү мектептерде химия предмети боюнча түзүлгөн программаларда негизги түшүнүктөрдү калыптандырууда эске алынган. Бул бир жагынан, окутуу процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатса, экинчи жагынан окуучулардын позициясын күчөтөт, башкача айтканда өз иш аракеттерин уюштура билүү мүмкүнчүлүгүнүн жоопкерчилигин камсыз кылат.

Жылдан жылга окутуунун методдору көп түрдүү болуу менен бирге жана алар көбөйүүдө, анткени окутууну өнүктүрүү үчүн үзгүлтүксүз процесс ишке ашырылуу менен ошол эле учурда окутуунун жаңы каражаттары жаралууда, жалпы коомдун маданият деңгээлинин өсүшү менен окуучулардын өнүгүү деңгээлдери жогорулоодо. Ошондуктан методдорду системалаштыруу жана классификациялоо зарыл. Бирок методдордун кайсы гана классификациясы болбосун ал салыштырмалуу мүнөздө, себеби практикада баарыбызга белгилүү болгондой эреже катары аларды интегралдаштыруу менен комплекстүү пайдаланып келүүдөбүз.

Практикада окуучулардын таанып билүүчүлүк кызыгуусуна көбүрөөк көңүл бөлүнүп, тескерисинче эмоционалдык чөйрө анчалык эске алынбай калат. Ал эми эмоциялардын ролу адам баласынын жүрүм турумун башкарууда жогору. Башкача айтканда, алардын керектөөсүн жана алардын канаттануусун ойготуусу менен тыгыз байланыштуу. Ал эми окутуу процессиндеги функционалдык интеллектуалдуулук менен эмоционалдык чөйрөнүн дал келүүсү, иш аракеттин кайсы түрү болбосун ийгиликтүү ишке ашыруусун камсыз кылат.

Дагы бир окуучулардын билимге ынтызарлыгын күчөтүү максатында – *оюн элементтерин сабактарга киргизүү*. Оюнсуз эч кимди, эч нерсеге үйрөтө алууга мүмкүн эмес, анткени оюн гана реалдуу чындыкты практикада аткаруу менен, адам баласынын ой жүгүртүүсүнүн өнүктүрө алат. Ошондуктан окутуу

процессинде оюнга артыкчылыктуу маани берүү керек, ансыз окутуу сезимталдуу эмес.

Оюн – бул иш аракеттин түрү, айлана чөйрөдөн кабыл алгандарын кайра иштетүүнүн жолу, оюн аркылуу окуучунун эмоциясы, активдүүлүгү, ой жүгүртүүсү, элестөөсү жана мамилешүүдөгү керектөөсүнүн өсүшү байкалат. Кызыктуу оюн баланын акыл активдүүлүгүн жогорулатат традициялык сабакта чече албаган кыйын маселелерди чечүүгө жардам берет. Бирок сабакты оюн түрүндө гана өткөрүү деген мааниде эмес. Оюн – бул бул башка методдор (байкоо, аңгемелешүү, өз алдынча иш) менен биргеликте ийгиликтүү натыйжа бере турган методдордун бири.

Оюн аркылуу иш аракетин уюштуруунун алты формасын белгилөөгө болот.

- жекелик формасы – коюлган максатты чечүүдө кайтарым байланыш түрүндөгү бир окуучунун иш аракети;
- жуптук формасы мелдешүү же суроо – жооп иретинде ишке ашуучу бир окуучунун башка окуучу менен болгон иш аракети;
- топтук формасы – бул үч же андан көп окуучулардын кандайдыр бир маселенин үстүндөгү иш аракети;
- коллективдик форма – бул топтук формадагы окуучулардын эле башка топтогу өнөктөштөштөрү менен кызматташуу иш аракети;
- массалык форма – бир эле убакта бардык окуучулар менен ишке ашырылуучу иш аракет.

Ал эми иш аракеттин формасы боюнча оюндар: жекелик, жуптук, топтук, жалпы класстык. Билим берүүнүн милдеттери боюнча: жаңы материалды окуп үйрөнүү, билим билгичтиктерди калыптандыруу, жалпылоочу мүнөздөгү оюндар, билимди кайталоо жана текшерүү. Иш аракеттин тиби боюнча таанып-билүүчүлүк, ролдук, ишкердик, комплекстүү оюндар белгилүү. Акыркы убактарда электрондук-тесттик жана компьютердик оюндарга көп көңүл бөлүнүүдө.

Оюндун критерийлери:

1) Оюн бир сабактын максатында ишке ашышы керек.
2) Анын эрежелерин түшүнүү татаал болбошу зарыл.
3) Моралдык жактан эски болбошу шарт.
4) Бардык окуучуларды камтыган массалык болуш керек.
5) Баалар жеңил коюлгандай б.а. окуучулар жалпы жыйынтык баа кайдан келип чыкканын түшүнгөндөй болуш керек.
6) Окуучулардын кызыгуусун жаратуу максатында кыймылдуу (динамичный) болуш керек.

Сабакта дидактикалык оюндарды өткөрүүдөгү талаптар:

- оюндун темасы сабактын максатына жана темасына дал келүүсү;
- оюндун багыты жана максаты так жана белгилүү болуусу;
- оюнду уюштуруучулар жана катышуучулар үчүн күтүлгөн натыйжанын маанилүүлүгү;
- чече турган маселеге жараша мазмундун дал келүүсү;
- оюндун мотивациялык мүнөздүүлүгү;
- окуучулардын иш аракетин баалоонун объективдүү критерийлери;
- мамилелердин психологиялык жактан жагымдуу болуусу;
- окуучунун жеке активдүүлүгү жана чыгармачылыгынын каралышы.

Окутуу процессинде оюнду кандайдыр бир окуу материалдык мазмунун өздөштүрүүгө багыттоо керек, б.а. талаштуу суроолор табышмактар, макалдар жана алардын маанисин чечмелөө ж.б.

Мисалы, химияны окутууда «Бактылуу учур» аттуу интеллектуалдык оюнун төмөнкүчө уюштурууга болот. Алсак, "Галогендер" темасы боюнча 1 мунутанын ичинде 15-20 суроолорго жооп берүү аркылуу, ошого жараша ким канча балл топтосо, ошол окуучунун билимди терең өздөштүргөнү аныкталат.

Сабакта оюнду көбүрөк колдонгон мугалим – бул окуучулардын сүйүктүү мугалими, ал эми анын предмети алар үчүн кызыктуу предметтердин бири болуп калат.

Окутуу процессинде ар түрдүү тапшырмаларды пайдалануу менен, окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүлөрүн калыптандырууга жана аң сезимдүү активдүүлүгүн камсыз кылууга болот. Төмөндө алардын айрымдарына токтолобуз.

«Катаны тап»

Мисалы «Галогендер» темасы боюнча:

1. Хлор, туз кислотасы, кальций диноксиди, бром.
2. Фтор, хлор, кычкылтек, иод.
3. Төмөнкү графаны толтургула

| **Туздун формуласы** | **Туздун аталышы** |
|---|---|
| 1. $FeCl_2$ | |
| 2. NaF | |
| 3. $CaBr_2$ | |
| 4. $AlCl_3$ | |

4. Венндин диаграммасын пайдаланып, хлор менен иоддун касиеттерин салыштыргыла

Хлор *окшоштуктары* Иод

*айырмасы* *айырмасы*



Традициялык сабакка салыштырганда

Дидактикалык оюндарды ишке ашырууда жогорку класстын окуучуларына төмөнкүлөрдү эске алуу керек:

- башка адамдарды түшүнө билүүсү;
- саясатка болгон кызыгуусу;
- ынтымактыкта тил табыша билүүсү;
- айлана-чөйрөгө, жоро-жолдошторуна болгон сүйүүсү;
- кесип тандоого болгон кызыкчылыгы;
- кайсы кесип учурда приоритеттүүлүгү жогору болуп жаткандыгы жөнүндө көз караштары ж.б.

Андан тышкары алардын өз алдынчалуулугу, ар кандай дисциплиналар боюнча маалыматка ээ болуу кызыкчылыгы, сабаттуулугу да билимди өздөштүрүүдө негизги маселелердин бири болуп саналат.

Окуучуларга билимди жеткиликтүү берүүдө жана кайтарым байланышты камсыз кылуу максатында, аларды изденүүгө, ой жүгүртүүгө, проблемаларды коё билүү жана аларды чече билүүгө тарбиялайт.

Демек жогорудай окутуу процессин жакшыртуунун стимулдарын мугалимдер эске алуу менен иш алып барышса, төмөндөгүдөй натыйжаларга жетише ала тургандыгы талашсыз маселе. Алар:

- окуучулардын предметке болгон кызыгуусунун күчөшү;
- жакшы окуган окуучулардын көрсөткүчтөрүнүн өсүшү;
- окуучу менен мугалимдин ортосунда ишмердүүлүктүн максатка багытталышы;
- окуучулардын ишмердүүлүктөрүнүн таанып билүү иш аракетине басым жасалышы;
- кандайдыр бир жаңы маалыматты кабыл алуу мотивациясынын күчөшү;
- жоро-жолдошторунун пикирин сыйлай билүүсү жана жоопкерчиликтерин сезүүсү;
- өз алдынчалуулуктарынын активдешүүсү ж.б.

Жыйынтыктап алганда, инсандын эффективдүү өнүгүүсүнүн жана калыптануусу камсыз кылуу, анын уюштуруучулук иш аракетинин жогорку активдүүлүгүнөн көз каранды болот. Активдүүлүк өз кезегинде таанып билүү, эрк, мотивы, эмоциялары менен байланыштуу.

Мугалимдер, сабакта баланы кандайдыр бир нерсеге таң калтырып алсак, анда анын материалга болгон кызыгуусу жаралды деп эсептөөгө болот. Химия мугалимдерине мындай абал көпчүлүк учурда химиялык эксперимент учурунда байкалат (содага уксус кислотасын куюп, кадимки эле шарды үйлөө, химиялык реакция учурунда эритмелердин түстөрүнүн өзгөрүшү, кургак спиртте кальцийдин глюконатын күйгүзүү аркылуу ж.б.).

Окуучунун билим алууга жана жетишкендиктериндеги жоопкерчиликти жогорулатууга болгон сезимдерин ойготуу менен максаттуу иш алып баруусун, эмгекке болгон сүйүүсүн ошол эле учурда кыйынчылыктарды жеңе билүү сезимдерин калыптандырат, б.а. инсандын адептик касиеттерин өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Химия боюнча билим берүүдө педагогикалык илимдердин жетишкендиктерин пайдалануу, окутуунун традициялык жана активдүү методдорун, каражаттарын, уюштуруу формаларын оптималдуу тандоо, комплекстүү пайдалануу менен бирге эле окуу материалынан мазмунун өздөштүрүүдө салыштыруу, анализдөө, синтездөө, классификациялоо, жалпылоо сыяктуу ой жүгүртүү ыкмаларын колдонуу менен жашоосунда туура келген ар түрдүү кырдаалдарга баа бере алуу жөндөмдүүлүктөрү калыптанат демекчибиз.

**Адабияттар:**


1. Введенский В.Н. Моделирование профессиональной компетентности педагога. // Педагогика. - М., 2003. - №10. - С. 51-55.
2. Зайцев О.С. Методика обучения химии. Учебник для вузов. - М., 1999.
3. Руднева В.А. Самостоятельные работы по химии. - М.: Экзамен, 2006. - 54 с.
4. Пушкарева Ю.А. Игровые элементы на уроках как средство развития творческих способностей учащихся // Наука и школа. - 1999. - №5.
5. Общая методика обучения химии. // Под реакцией Л.А. Цветкова. - М.: Просвещение, 1981.
6. Чернобельская Г.М. Методика обучения химия в средней школе. - М.: Владос, 2000.


**Рецензент: к.хим.н., доцент Жаснакунов Ж.**